| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЧУЙ ОБЛУСУ<br>СОКУЛУК РАЙОНУ<br>МАНАС<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>МАНАССКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
| --- | --- |

I чакырылыштын 4-(кезексиз ) сессия

# ТОКТОМ №31

**09.04.2025- ж.** **Манас айылы**

**«Айыл чарба багытындагы» жер тилкесин , « Өнөр жай, транспорт, байланыш, энергетика, коргонуу жана башка максаттар үчүн жерлер багытына которуу жөнүндө»**

Манас айыл өкмөтүнүн жер маселелери - юрист башкы адиси Ж.Бокобаевдин “Келечек” Коомдук Бирикмесинен келген №225 контурдагы 7,15 га идентификациялык коду 7080300270177 жана 16,8 га идентификациялык коду 7080300270174 жерлеринин категориясын которуу жөнүндөгү маалыматын угуп, жана Сокулук райондук мамлекеттик администрациясынын жерди которуу боюнча комиссиясынын 2024-жылдын 18-октябрындагы, 2025-жылдын 20-февралындагы корутундусунун негизинде, жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 4-ноябрындагы № 665 Токтомунун 2-бөлүгүндөгү 12-пунктуна ылайык, Манас айылдык кеңешинин 2025-жылдын 9-апрелиндеги №4 протоколунун негизинде Манас айылдык кеңеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1.Манас айыл аймагына караштуу №225 контурдагы идентификациялык коду 7080300270177 жалпы аянты 7,15га, жана идентификациялык коду 7080300270174 жалпы аянты 16,8га сугат айдоо жерлерин “Айыл чарба багытындагы жерлер категориясынан” – “Өнөр жай, транспорт, байланыш, энергетика, коргонуу жана башка максаттар үчүн жерлер” категориясына индустриалдык-логистикалык борборун жана өнөр жай объектилерин куруу максатында которууга (трансформациялоого) мыйзам чегинде мүмкүн экендигин билдирет.

2. Токтомду расмий булактарга жарыялоо, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү жагы Манас айылдык кеңешинин жоопту катчысы Ч.Бердикуловага милдеттендирилсин.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү Манас айыл өкмөтүнүн башчысы Ж.Мусурманкуловго калтырам.

**Төрайым** **Р.Момунова**